УДК: 159.9.
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-200-203

**Жоошбекова А.Р.**
тарых илим. док., проф.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
rysbaevna1@mail.ru
**Ажыбаева Н.Э.**
окутуучу
М. Абдраев атындагы музыкалык мектеп-интернаты
agibaeva3007edu.kg@gmail.com
**Жоошбекова А.Р.**
док. истор. наук, проф.
Кыргызский государственный университет им. И. Арабаева
rysbaevna1@mail.ru
**Ажыбаева Н. Э.**
преподаватель
Музыкальная школа-интернат имени М. Абдраева
agibaeva3007edu.kg@gmail.com
**Jooshbekova A.R.**
Doctor of Historical Sciences, Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaeva
rysbaevna1@mail.ru
**Azhybayeva N. E**.
Lecturer
M. Abdrayev Music Boarding School
agibaeva3007edu.kg@gmail.com

# МИГРАНТТАРДЫН БАЛДАРЫНЫН СОЦИАЛДАШТЫРУУДАГЫ КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

# ПРОБЛЕМЫ СОЦИАЛИЗАЦИИ ДЕТЕЙ МИГРАНТОВ

# PROBLEMATIC ISSUES OF SOCIALIZATION OF MIGRANT CHILDREN

**Аннотация**: макалада олкөбүздөгү ички жана тышкы мигранттардын санынын өсүшүнүн натыйжасында мигранттардын санынын өсүусу жана бул көрүнүш мигранттардын балдарынын социалдаштыруудагы көйгөйлүү маселелери чагылдырылган. Мигранттардын балдарынын бала бакчадан тартып, мектеп, жогорку окуу жайларга өтүүдөгү кыйынчылыктары, аларга медициналык, социалдык жөлөкпулдарды алуу кызматтарындагы көйгөйлөр көрсөтүлгөн. Бул көйгөлүү меселелерди мамлекеттик деңгээлде чечмелөө жана балдарга кам көрүү системасын реформалоону иштеп чыгуу зарылдыгы бар экендиги келтирилген.

**Негизги сөздөр:** миграция, социалдашуу, мигранттардын балдары, социалдык жөлөкпулдар, ЖОЖ, ЖРТ, фостердик үй-бүлө, социалдык кызматкер, опекун.

**Аннотация:** В статье описывается увеличение количества внутренних и внешних мигрантов в нашей стране, а также проблема социализации детей мигрантов. Показаны трудности детей мигрантов при переходе из детского сада в школу, в высшее учебное заведение, а также услуги получения медицинских и социальных пособий. Констатируется необходимость осмысления этих проблемных вопросов на государственном уровне и разработки реформы системы попечения о детях.

**Ключевые слова:** миграция, социализация, дети мигрантов, социальные выплаты, ВУЗ, приемная семья, социальный работник, опекун.

**Annotation:** The article describes the increase in the number of internal and external migrants in our country, as well as the problem of socialization of migrant children. The difficulties of migrant children in the transition from kindergarten to school, to a higher educational institution, as well as services for obtaining medical and social benefits are shown. The necessity of understanding these problematic issues at the state level and developing a reform of the child care system is stated.

**Keywords:** migration, socialization, children of migrants, social benefits, university, foster family, social worker, guardian

Миграция (лат.migro – өтүп жатам, көчүп жатам)-ар кандай себептер менен жеке адамдардын бир мамлекеттен башка мамлекетерге, ошондой эле мамлекеттин аймагынын чектеринде жашоо ордун туруктуу же убактылуу алмаштыруу максатында орун которуштуруулары болуп эсептелет. Өлкөбүз эгемендүүлүк алгандан баштап эле миграция башталган, өзгөчө 1995-1996-жылдары күч алган. Кыргызстанда ата-энеси миграцияга кетип, алардын камкордугун көрбөй чоңоюп жаткан балдардын саны жыл сайын өсүүдө. Өлкөбүздүн ар бир төртүнчү үй-бүлөсүнө бирден мигрант туура келет. Ички жана тышкы миграциянын себептери: биринчиден эркек жана аялдардын жумуш менен камсыз болбогондуктан келип чыгат. Экинчиден үй-бүлөлүк себептер болуп эсептелет. Үчүнчүдөн, жогорку окуу жайларга (ЖОЖ) окуу 4 пайызды түзөт.

Миграция балдардын социалдаштыруусуна терс таасирин тийгизип жатат. Балдар атасын, апасын көп убакытка чейин көрбөгөндүктөн, үй-бүлөлөрдө ата-эненин ролу да төмөндөп жатат. 2–12 жашка чейинки балдарда ата-энесин сагынуу, куса болуу эң негизги орунду ээлесе, 12–17 жашка чейинки балдарда ата-энеге болгон таарыныч, капа болуу, өздөрүн керексиз адам катары сезүү сезимдери басымдуулук кылат. Мигранттардын балдарынын мындай психологиялык абалы алардын кийинки турмушуна да терс таасирин тийгизет.

Балдардын коом менен болгон социалдашуу процесси алгач үй-бүлөдөн алган тарбиясынан башталат. Эгер ата-эне балдарга камкордук жасап, балдар менен көп убактысын өткөрсө, чогуу ойносо, ата-эненин баланын жанында болуусу эле балдардын психикасына оң таасирин тийгизет, эмоционалдык абалын жакшыртат. Мигранттардын балдарынын ата-энесинен эмоционалдык жылуулук алуусу, алардын коомдо өз ордун табууга чоң таасир этет. Ошондуктан мигранттардын балдарынын социалдаштыруудагы көйгөйлүү маселелерине көңүл бурушубуз керек жана аны чечүүдө мамлекеттик деңгээлде аракеттерди жасашыбыз керек.

Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлигинин маалыматы боюнча өлкөбүздүн 800 минден ашуун жараны башка өлкөлөрдө иштеп жүрүшөт [7, 5-б.]. Алардын

Кыргызстанга салган акча которуулары өлкөбүздүн Ички дүң продуктусунун 25 пайызын түзөт, демек биздин өлкө мигранттардан көз каранды болгон мамлекеттердин катарына кирип калды. Ал эми аты аталган министрликтин башкаруучусу Кудайберген Базарбаевдин Жогорку Кеңештеги билдирүүсүнө караганда, 600 миңдей мекендештерибиз Россиянын жарандыгын алган [7, 5] .

Кыргыз Республикасынын 2016–2022-жж. демографиялык жылдык китебинин статистикасынын маалыматы боюнча, 2016-ж. тышкы мигранттардын саны 38367 түзсө, 2020-жылы 69136 адамды түзгөн [5, 269]. ЮНИСЕФтин маалыматы боюнча 2014-ж. 17-жашка чейинки балдардын 11 пайызынын атасы же апасы чет өлкөдө жашаган. Азыркы күндө мигранттардын балдарынын саны 120 миң баланы түзөт [1]. Ата-энеси чет жакада иштеген мигранттардын балдары туугандардын, чоң ата-чоң энелердин колунда калышат. Мындай жагдайлар мигранттардын балдарынын социалдашуусунун көйгөйлүү маселелерин жаратат. Алгач эле мигранттардын балдарына карата көрсөтүлгөн медициналык жардам көрсөтүүлөр, социалдык жөлөкпулдар, мектепке орноштуруулар чектелүү, себеби документтери так эмес.

Кыргызстандагы мигранттардын балдары мектепти бүткөндөн кийин ЖОЖдорго окуй алышпай калышып жатат. Анын бир канча себептери бар: биринчиден, материалдык жактан кыйналышат. Экинчиден, ата-энелери алыста болгондуктан, билим алуусу төмөн болгондуктан, ЖОЖдорго окугусу келбейт. Үчүнчүдөн, окуучуларды жалпы республикалык тестирлөө (ЖРТ) сынактарын тапшырганда төмөнкү бааларды алып жатышат. Ал балдар миграцияда жүргөн ата-энелерине барып жардам берип иштеп жатышат. Ошентип, мигрант жаштар көбөйүп жатышат.

Эмгек мигранттарынын орточо курагы – 35 жаш, мигранттардын 80 пайызы – 20—40-жашка чейинки адамдар түзүшөт [3, 13-б.]. Миграция үй-бүлөлөрдүн бүтүндүгүн бузуп жатышат. Ата-энесин айлап, жылдап көрбөгөн балдар психологиялык жана эмоциялык жактан да жабыркашат. Мигранттардын балдары балалыктын бакытын татпай жатышат.

Чет өлкөдө жүргөн мигранттар балдарын Кыргызстанга окуткусу келишет. Мисалы, Астана шаарындагы № 7 мектеп гимназиясында 1–11-класска чейин 500 кыргыз бала окуйт [6, 5-б.]. Алар орус тилинде окушат. Негизги көпчүлүгү башка мамлекеттерге барганда каттоо баракчалары менен келишет да окуй беришет. Ата-энеси ал жерге жашоого уруксат албай жашагандан көп көйгөйлөр чыгат. Ошондуктан кыргыз балдар кайсы жерде болбосун билим алууга шарт түзүп берсек жакшы болмок. Ал үчүн кыргыз мигранттары жашаган шаарлардагы кыргыз диаспорлору же коомдору иш алып барыш керек.

Ички миграция да күч алды, алардын балдары көчөдө жүргөн балдардын 80 пайызын түзөт. Алар Бишкектин чет жакасындагы жаңы конуштарда, шарты жок үйлөрдө, суу, газ жетишсиз болгон үй жайларда жашашат. Мигранттардын балдарынын медициналык кызмат көрсөтүүлөрү, социалдык жөлөкпулдарга жеткиликтүүлүгү чектелүү болуп жатат.

Мигранттардын балдарынын социалдык жана медициналык көйгөйлөрүн чечүү үчүн алардын документтериндеги мүчүлүштүктөрдү жоюу керек. Жашагандыгы тууралуу справкаларды жоюп, жашы жете элек балдардын күбөлүгү боюнча гана медициналык тейлөөнү уюштуруу керек. Үч айда, алты айда, бир жылда Кыргызстан боюнча көчмө медициналык жардамдарды уюштуруш керек. Ден соолугу начарлап, ооруканаларга көрүнгөндө, кымбат

дары-дармектерди эмес, мамлекетибиздин өзүндө чыгарылган арзан дарылар менен дарылаш керек.

Социалдык жөлөкпулдарды төлөөдө ашыкча кагаз топтоону жоюш керек. 2–12 жашка чейинки балдар бекер дарыланыш керек. 17 жашка чейинки мигранттардын балдар үчүн спорттук клубдарга 50 пайызга чейин жеңилддиктер берилиши керек.

Мигранттардын балдарын социалдык жактан коргоо үчүн социалдык кызматтарды уюштуруш керек. Азыркы кездеги социалдык кызматкерлердин саны аз. Кээ бир райондордо 58 миң балага бир социалдык кызматкер туура келет. Азыркы күндө өлкөбүздө 900 гана социалдык кызматкер бар [4]. Алардын катарын ЖОЖдорду бүткөн бюджетте окуган бүтүрүүчүлөр менен толуктагысы келишет, бирок алар айлык акысы аз, жумушу көп болгондуктан, алар чыдабай башка кызматтарга кетип жатышат.

ЮНИСЕФтин Балдар фонду 2018-жылда эле мигранттардын балдарына сөзсүз камкорчуну (опекун) киргизүү керек деп белгилеген. 2020-ж. өлкөбүздө 80 ата-эне балдарды тарбиялоо укугунан ажырады. 2014-жылдан баштап багып алуучу (фостердик) үй-бүлөлөр пайда болду, алардын тажрыйбалары жакшы натыйжаларды берди. Биздин өлкөбүздө багып алуучу үй-бүлөлөрдө балдарды багуу жана тарбиялоо жана асырап алган ата-энелерге минималдык станддарттар киргизилген.

Азыркы мезгилде эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлиги Кыргызстан боюнча мигранттардын 5 миң үй-бүлөлөрүнөн сурамжылоо жүргүзүүдө. Бул изилдөө 2022-жылдын октябрынан декабрга чейин созулат. Максаты: эмгек миграциясына шарт түзгөн себептер жана факторлорду аныктоо жана мигранттардын үй-чарбаларынын аярлуу жактары жана муктаждыктарын жөнүндө маалымат чогултуу [2, 6-б.] болуп эсептелет. Өлкөбүздөгү мындай сурамжылоо мигранттардын балдарынын да көйгөйлөрүн аныктоого мүмкүндүк берет.

Мамлекетибиздеги ар бир бала бактылуу болууга тийиш. Балдарга чың ден соолук жана бактылуу балалык тартуулоо биздин максатыбыз болушу керек. Мигранттардын балдарынын социаолдаштыруусунун көйгөйлөрүн чечүүгө коом менен чогуу аракеттерди жасашыбыз керек.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Ата-энеси миграцияга кеткен баланын ашпоз кыялы. ЮНИСЭФ unicef/org/kyrgystan/
2. Асель Муса кызы. Мигранттардын үй-бүлө мүчөлөрүнө сурамжылоо жүргүзөт. Кыргыз туусу. – №78(24659) 2022-ж. 28-октябрь. – 6-б.
3. Абдылдаев Э. Кыргыз миграциясынын абалы жана көйгөйү. Шоокум. – 2010. – №8. – 13-б.
4. Бенгард А. Дети мигрантов. Не защитили родители, поможет соцслужба?-15.12.2020. Бишкек-24 kg
5. Демографический ежегодник Кыргызской Республики 2016-2020. – Б., 2021. – 269 с.
6. Исмаилов Ш. Мигранттын балдары ЖРТдан өтүшү чоң маселе / Ш. Исмаилов / Жаңы-Агым. – 2014. – №13 (28-март).
7. Кыргыз Туусу. №47 (24655).2022-ж. 14-октябрь. 5-б.

**Рецензент: тарых илим. док., проф. Курбанова Н.У.**